**Улуу устаттын урматына өткөрүлгөн конференция**

Жакында ушул жылдын 2020-жылдын 31-январында Кыргыз билим берүү академиясында И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети, Педагогикалык кызматкерлердин билимин жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту биргеликте уюштурган КР Эл мугалими, Илим жана техника тармагындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Кыргыз Республикасынын УИАнын мүчө-корреспонденти, Кыргыз билим берүү академиясынын академиги, Педагогикалык жана социалдык илимдердин Эл аралык академиясынын академиги (Москва ш.), илимий мектептин негиздөөчүсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор **Бекбоев Исак Бекбоевичтин кутман курагы- 90 жылдыгына** арналган Эл аралык илимий-практикалык конференциясы болуп өттү.

Албетте, Исак агайды жалпы педагогикалык коомчулугубуз “ Кыргыз педагогика илиминин башатында турган, аны өнүктүрүүгө бараандуу салымын кошкон “Бакай атасы”, жалпы кыргыз элинин уул –кызынын агайы, “Мугалимдеринин мугалими”, “Устаттардын устаты” деп атын аздектеп атап келишет. Мына ушул улуу устат агайдын урматында өткөрүлгөн эл аралык конференция учурдагы жалпы билим берүүчү мектептерде жаңы муунга улуттук баалуулуктарды үйрөтүү, алар аркылуу таалим-тарюбия берүү, ошону менен бирге, дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн жаңычыл идеяларын практикада колдонуп, мектеп мугалимдеринин методикалык билимдерин өркүндөтүү максатында «Улуттук баалуулуктардын жана инновациялык технологиялардын негизинде билим берүү системасын моделдештирүү» темасын козгоду.

Албетте, бул идеялар бир эле ирет конференцияда козголуп кала берүүчү иш эмес, ал аркылуу республикада билим берүү жана тарбияло ишин ушул багытта жаңыча моделдөө идеясын КББАнын илимий кызматкерлиринин келечектүү илимий-изилдөө иштеринин урунттуу багыттарынан болуп калмакчы.

Конференциянын пленардык жыйынында жогоруда айтылган орчундуу ойлорду камтыган баяндамалар окулду, атап айтканда, “Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын (2021-2040) контекстинде улуттук баалуулуктардын жана инновациялык технологиялардын негизинде билим берүү системасын моделдештирүү” (Токтомаметов А.Д., Кыргыз билим берүү кадемиясы),”О модернизации общего среднего образования в Республике Казахстан (Абылкасымова А.Е., Казакстан Республикасы), “Билим берүү системасын моделдештирүүгө

эксперименттик мамиле (Т.Бегалиева, Алай району, К. Султанов атындагы мектеп)" аттуу мазмундуу окулду. Ошону менен бирге, Исак Бекбоевдичтин өмүрү жана эмгектеринин барк-баасы тууралуу "Улуттук педагогиканын устаты Исак Бекбоевдин өмүр жолунун белгисиз барактары (Байгазиев С. О., Кыргыз билим берүү академиясы) жана "Исак Бекбоевдин дидактикалык эмгектерин педагогика дисциплинасын окутууда колдонуу маселелери (Алимбеков А.А., Кыргыз-түрк «Манас» университети) аттуу аналитикалуу баяндамалар конференциянын көркүн ачты.

Конференциянын ишине Республиканын бир катар ЖОЖдорунун окумуштуулары, жетекчилери, мектеп мугалимдери, аспиранттар, изденүүчүлөр, Казакстандан жана Россиядан өкүлдөр, жалпы алганда 300дөн ашуун адам түз жана ONLine түрүндө катышышты;

Маракелик конференциянын планына жараша Кыргыз билим берүү академиясында төмөндөгүдөй алгылыктуу иштер аткарылды, атап айтканда, КББАда И.Бекбоев атында, үч бөлмөдөн турган илимий китепкана ачылды. Китепканага кирген адамдын адегенде эле көңүлү улуу устаттын өтөлгөлүү өмүрү жолу жана мээнеткечтик менен басып өткөн эмгек жолу, алган сыйлыктары менен наамдары чагылдырылган бетке бурулат. Экинчи дубалда окумуштуунун Кыргызстан менен Казакстандын орто мектептери жана ЖОЖдор үчүн чыккан китептери тууралуу маалымат берилген. Экинчи бөлмөдө Иак Бекбоевичтин мектеп окуучусу, мугалим, окуу-тарбия иштери тууралуу айткан учкул ойлорун жана ал туурасындагы учкул сөздөрдү камтыган сөздөр көзгө урунат.

Дагы бир маанилүү маселе, маракеге карата академияда И.Бекбоев атындагы атайын ведомстволук медаль уюштурулуп, Республикабыздын алдыңкы педагог-окумуштууларына, практик мугалимдерине тапшырууну салтка айлантуу негизделди. Ал туурасында жобо жазылып, КББАнын Окумуштуулар кеңешинде жактырылып, бекитилген. Медалдын бетине Исак Бекбоевичтин бетинин сүрөтү коюлуп, артына "КББАнын Исак Бекбоев медалы деп жазылган. Бул салттуу саамалыктын башталышында **Исак Бекбоев медалы** 4 адамга, атап айтканда, Кыргыз-түрк Ала-Тоо университетинин профессору, п.и.д., С.Калдыбаевге, Лейлек районунун №3 гимназиясынын директору, п.и.к., Г.Мадаминовго, Абай ат. Алматы Мамлекеттик педагогикалык университетинин кафедра башчысы, профессор А.Абылкасымовага жана көзү өткөндөн кийин, Исак Бекбоевичтин шакирти, п.и.к., Н.Ибаевага ыйгарылды.

Маракеге карата Исак Бекбоевичтин "Сабак жана окутуунун методдору", "Окуу-тарбия ишин илимий уюштуруу", Окутуудагы негиги маселе-

мугалимдин компетенттүүлүгү” (орус жана кыргыз тилинде) аттуу төрт эмгеги жана биобиблиографиясы жарык көрдү. Ошону менен бирге, “Республикабыздын алдыңкы педагог-изилдөөчү-окумуштууларынын Биобиблиографиясы” аттуу серия негизделди. Мындан ары кыргыздын белгилүү педагог-окумуштууларынын өмүр жолун, ишмердигин чагылдырган жана негизги эмгектеринин библиографиясын камтыган библиографиялык жыйнак чыгып турушу- кыргыз педагогика илимин изилдөөчүлөргө зарыл керектүү окуу курал да болуп калары шексиз.

Ушундай алгылыктуу иштердин козголушу менен бирге, академияда мындан ары аткарылуучу орчундуу милдеттер да белгиленди, атап айтканда, жаңы ачылган И.Бекбоев атындагы илимий китепкананы электрондук китепканага айлантуу жана аны изденүүчүлөрдүн, аспиранттардын илимий борбору болуусуна жетишүү да келечектүү максат катары белгиленди.

Мындан сырткары, алдыда келаткан жылында Кыргыз билим берүү академиясынын турмушундагы дагы бир маанилүү окуя күтүп турат, ал-академиянын түзүлгөндүгүнүн 70 жылдык маракеси болуп саналат. Аны татыктуу тосуп алуу, республикабыздын педагогика илиминин бул мерчемдүү мезгилине өз деңгээлиндегы даярдык менен баруу –албетте, академиянын намысы болору талашсыз.



С.К.Рысбаев, п.и.д., профессор,

Б.М.Мурзаибраимова, п.и.к., доцент